# Мен көлгө баратам

Сөзү Байбугуева Күлбүбү

Обону Алмаз Эсенгул уулу ( Дардаилов Алмаз)

Жаркырап күндөй болуп жайнап алып

Жакшына көйнөк кийип саймаланып

Ашыгып мен өзүңө баратамын

Ашыктык ак кемесин айдап алып

Жан дүйнө жамгырынан тосуп алып

Ак сүйүү көз жашынан кошуп алып

Көөдөндө катып алып баратамын

Өзүңдү бир көрүүгө  күйүп жанып

А балким сен да күтүп жүргөндүрсүң

Айланып келээримди билгендирсиң

Экөөбүз жолугушчу көл жээгине

Эртелеп эңсеп самап келгендирсиң